# НАСЫЯ КЕЛИШИМИ БОЮНЧА ТАЛАП КЫЛУУ УКУКТАРЫН ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУ ТҮЗҮҮГӨ ОФЕРТАНЫ КАБЫЛ АЛУУ ЖӨНҮНДӨ АКЦЕПТ

*Карыз алуучунун реквизиттери:*
ФАА: ________________________________________ (мындан ары  - Карыз алуучу)
Паспорттук маалыматтар: ________________________________________
Карыз алуучунун номери: +996_________________
ИЖН: _____________________________________
Катталган дареги:___________________________________________________________
Жашаган дареги: __________________________________________________________
Электрондук почтасынын дареги: __________________________________________________

Мен, __________________________________________ (мындан ары – Карыз алуучу), ушуну менен Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 399-беренесине ылайык «О!Банк» ачык акционердик коомунун (мындан ары  – Кредитор) Насыя келишими боюнча талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууну түзүүгө Офертаны толук жана шартсыз акцепттейм (кабыл алам), (1) ушул Акцепт Насыя келишими боюнча талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө макулдашуунун ажырагыс бөлүгү экенин жана Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 402-беренесине ылайык менин Насыя келишими боюнча талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууну түзүүгө Офертанын бардык шарттарын кабыл алуум экенин аң-сезимим менен баамдайм, тааныйм жана түшүнөм, жана ушуну менен (2) ушул Акцепт Кредиторго электрондук кол тамга менен кол коюлган электрондук документ формасында берилерин жана менин өз колум менен коюлган кол тамгам коюлган кагаз түрүндөгү акцептке (кабыл алууга) теңдеш болуп тааныларын тастыктайм, (3) электрондук кол тамганы колдонуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз кол менен кол тамга койгондой эле юридикалык натыйжаларды пайда кыларын түшүнөм, (4) Кредитор  ушул Акцептти алган убактан баштап Насыя келишими боюнча талап кылуу укуктарын  өткөрүп берүү жөнүндө макулдашуу түзүлдү деп эсептелерин түшүнөм, (5) Кредитор менен түзүлгөн бир же бир нече насыя келишимдеринин бир тарабы болуп Кредиторго аталган насыя келишимдер боюнча талап кылуу укуктарын үчүнчү жактарга (мындан ары – Жаңы кредитор) өткөрүп берүүгө эркин, конкреттүү, шартсыз, аң-сезимдүү жана өз эрким менен макулдук беремди тастыктайм, (6) талап кылуу укуктарын өткөрүп берүүнүн натыйжалары менен таанышканымды тастыктайм, анын ичинде ишке ашкан өткөрүп берүү убактысынан баштап жогоруда аталган насыя келишимдери менен каралган милдеттенмелерди,  мындай келишимдердин ар биринин жана Насыя келишими боюнча талап кылуу укуктарын өткөрүп берүү жөнүндө макулдашуунун шарттарына толук ылайык аткарууга милдеттүү экенимди тастыктайм, (7) Акцептке кол коюу убактысында өткөрүлүп берилип жаткан укуктар менен байланышкан дооматтарым жана талаш-тартыштарым жок экенин тастыктайм, (8) Банкка жана Жаңы кредиторго жогоруда аталган насыя келишимдерин аткарууга тиешелүү болгон кандай болбосун өзгөртүүлөр жөнүндө өз убагында билдирүүгө милдеттенем.

Мен ушул документ электрондук кол тамга менен кол коюлган электрондук документ болуп саналарын жана менин өз колум менен кол койгон кагаз түрүндөгү документке барабар экендигин түшүнөм жана макулмун (электрондук кол тамганы колдонуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен кол койгондогудай эле юридикалык кесепеттерге алып келет).

**«О!Банк» ААК,  Кыргыз Республикасы, 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 390.**
**тел.: 9999, +996 700 000 999, ИСН 01204199910016, ИСКБ 999, 17.09.2024 ж. №044 КРУБ Банк операцияларын жүргүзүүгө лицензиясы**

[Кардардын мобилдик түзүлүшүнө жиберилген Кодду киргизүү менен Кардардын электрондук кол тамгасы менен кол коюлду]
ХЭШ | Код ОТП |ФАА | ДАТА